<u>**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**</u>

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө «Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун өкүлү Омурзак Жакыпович Мамыровдун даттануусун канагаттандыруудан баш тартуу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2016-жылдын 23-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья Э. Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, М. Ш. Касымалиев К. М. Киргизбаев, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин, соттук отурумдун катчысы М. Э. Төлөбалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о «Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренелеринин 1 жана 2-пункттарынын конституциялуугун текшерүү жөнүндө «Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн

Омурзак Жакыпович Мамыровдун кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө «Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун өкүлү Омурзак Жакыпович Мамыровдун даттануусун ачык соттук отурумда карап чыкты.

«Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун өкүлү Омурзак Жакыпович Мамыровдун даттануусунда баяндалган материалдарды жана жүйөөлөрдү изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына «Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн О. Ж. Мамыровдун Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренелеринин 1, 2, 4-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүсүн таануу жөнүндө өтүнүчү келип түштү.

Кайрылуудан келип чыккандай, 2013-жылдын 18-октябрында “Ацтек” жоопкерчилиги чектелген коому (андан ары – “Ацтек” ЖЧКсы) жана “Азат Нур-Пери” жоопкерчилиги чектелген коому (андан ары – “Азат Нур-Пери” жоопкерчилиги чектелген коому) ортосунда Башкы риэлтердик № 12-10/1 келишими (андан ары - Келишим) түзүлгөн, ал келишим кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөнө турган келишим болуп саналат.

“Ацтек” ЖЧКсы келишимге ылайык “Азат Нур-Пери” ЖЧКсынын өкүлү катары, анын атынан потенциалдуу аларманды издөө жана кыймылсыз мүлктү ажыратуу максатында документтерди тариздөө боюнча аракеттерди жасоо милдетин алган.

Арызданнуучу, “Ацтек” ЖЧКсы келишимге ылайык аванс, алдын ала күрөө жөнүндө макулдашууларды жана ажыратууга дайындалган кыймылсыз

мүлктүн башын байлоого багытталган башка бүтүмдөрдү жасоого акысы жок болуучу деп эсептейт. Келишимге ылайык аталган коом потенциалдуу кардарларды табууга багытталган аракеттерди гана жасоого милдеттүү болуучу. Кыймылсыз мүлктү ажыратуу боюнча келишимди түзүүгө байланыштуу башка ыйгарым укуктары болгон эмес.

Арызлануучунун пикири боюнча, аталган Келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 31-бапынын ченемдерине (акы төлөнүүчү кызматтар) карама-каршы келген жоболордон болуучу. Ошентип, аталган Келишимден, Келишимдин предметинин башы байланган болсо, “Азат Нур-Пери” ЖЧКсы  “Ацтек” ЖЧКсына аткарылган тапшырма үчүн сый акы төлөп берүү милдетин алат.

О. Ж. Мамыров эсептегендей, Келишимдин бул шарты Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 632-беренесине карама-каршы келет, ал беренеде, эгерде подряд келишиминде аткарылган ишке же анын айрым этаптарына алдын ала акы төлөө каралбаса, иш ойдогудай түрдө жана макулдашылган мөөнөттө же буюртмачынын макулдугу менен мөөнөтүнөн мурда аткарылган шартта, буюртмачы подрядчыга шартталган бааны иштин натыйжасы биротоло тапшырылгандан кийин төлөөгө милдеттүү деп белгиленген.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 657-беренесинде буюртмачы иштин акысын подрядчы ишти биротоло тапшыргандан кийин төлөөнү карайт.

Ошентип, арызлануучу, “Ацтек” ЖЧКсы мыйзамга ылайык аткарылган кызмат үчүн гана акы төлөөнү талап кылууга милдеттүү болуучу, бирок аткарылбаган тапшырмага эч кандай акы алууга милдеттүү эмес болуучу деп болжойт.

Арызлануучу, аталган Келишимге ылайык Буюртмачы Келишимди бир тараптуу бузуу акысы жок же кыймылсыз мүлктү сатып алуу келишиминен баш тартууга акысы жок деп белгилейт. Анын пикири боюнча, бул Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 699-беренесинин 1-пунктуна

карама-каршы келет, ага ылайык аткаруучуга иш жүзүндө тарткан чыгымдарын төлөгөн шартта буюртмачы акы төлөтүп кызмат көрсөтүү келишимин аткаруудан баш тартууга укуктуу.

Арыздануучу өз кайрылуусунда бардык соттук инстанцияларында соттук териштирүүлөрдүн хронологиясын келтирген, анын натыйжасы - Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренесинин 1 жана 2-пункттарынын негизинде келишим милдеттенмелерин бузуу үчүн “Азат Нур-Пери” ЖЧКсынан “Ацтек” ЖЧКсынын пайдасына үч миллион беш жүз кырк сегиз миң беш жүз элүү сом 80 тыйын өндүрүлгөн.

О. Ж. Мамыровдун пикири боюнча, эгер жеке менчик укугу – бул жарандын жана юридикалык жактын конституциялык укугу болсо, анда кызмат көрсөтүү үчн акы төлөнүүчү келишимден келип чыккан мамилелер биринчисине карата экинчи орунда туруп, анын туундусу болуп эсептелинет. Ошон үчүн, жарандык мыйзамдарда, асыресе, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренесинин 1-пунктунда көрсөтүлгөн буюртмачынын күнөөсү боюнча толук өлчөмдө тапшырманы аткарууга мүмкүн болбогон учурда буюртмачы өзүнө көрсөтүлгөн кызматтарга акы төлөтүп кызмат көрсөтүү келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө жана тартипте акы төлөө милдети  жеке менчикти коргоонун конституциялык принцибин караган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесине каршы келет.

Арыздануучу, менчик ээсин, аны Келишимди аткарбоодо күнөөлүү деп шилтеме жасап, мүлкүнө ээ болуу, пайдалануу жана тескөө укугунан чектөө мүмкүн эмес деп болжойт. Менчик ээси өз мүлкүнө карата каалаганындай аракеттерди жасай алат, жана ал сатуу келишимине кол коюунун алдында кыймылсыз мүлкүн сатуудан баш тартууга да укуктуу. Менчикти коргоонун конституциялык принциптерин өнүктүрүп, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 699-беренесинин 1-пунктунда аткаруучуга иш жүзүндө тарткан чыгымдарын төлөгөн шартта буюртмачы акы төлөтүп

кызмат көрсөтүү келишимин аткаруудан баш тартууга укуктуу деп бекитилген.

Арызданууучунун пикири боюнча, көрсөтүлгөн принциптерге Кыргыз Республикасынын Жарандык кодлексинин 632 жана 657-беренелеринин ченемдери да ылайык келет, ага ылайык иштин акыркы жыйынтыктары гана төлөнүүгө тийиш. Бирок, Келишимде предметтин башы байланган учурда, “Азат Нур-Пери” ЖЧКсы “Ацтек” ЖЧКсына сыйакы төлөп берүү милдетин алган. Ошол эле учурда тапшырма аткарылбай да калышы мүмкүн болуучу. Мыйзам чыгаруучу подряд менен тиричилик подряддын жалпы жоболорунун ченемдеринин болушуна карай (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 632 жана 657-беренелери кадыресе) аларды акы төлөнүүчү келишимдерге пайдалануу мүмкүндүгүнө жол берген. Бул эки ченем ийгиликтүү жана жарандар менен юридикалык жактардын конституциялык укуктары менен эркиндиктерине зыян келтирбестен Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренелеринин 1 жана 2-пункттарынын милдетин аткара алышат.

Арызданууучу өз кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн мазмунун келтирет жана талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп табууну жана анын өтүнүчүн канагаттандырууну сурайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 24-беренесин, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о аныктамасы менен кийинкидей негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартты.

Талашылып жаткан ченемдер келишим милдеттенмелери маселелерин жөнгө салат. Тактап айтканда, буюртмачынын акы төлөнүүчү келишимде

көрсөтүлгөн мөөнөттө жана тартипте ага көрсөтүлгөн кызмат үчүн төлөө милдети тууралуу кеп болууда. Мында, буюртмачынын күнөөсү боюнча келишим шарттарын аткаруу мүмкүн болбогон учурда, эгерде мыйзамда же акы төлөнүүчү келишимде башкасы каралбаса, көрсөтүлгөн кызмат толук көлөмдө төлөнүүгө тийиш.

Ошону менен бирге, арызданууучу шилтеме жасаган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренелеринин 1, 2, 4-бөлүктөрү, 20-беренесинин 1-бөлүгү, 42-беренесинин 1-бөлүгү менчик укугун коргоо кепилдиктери, адамдын жана жарандын укугу менен эркиндиктерин жокко чыгарган же басмырлоочу мыйзамдардын чыгарылышын болтурбоо, ошондой эле өз мүлкүнө ээ болуу, пайдалануу жана тескөө укуктар маселелерин жөнгө салат жана талашылып жаткан ченемдер менен тутумдаш байланышта эмес.

Андан тышкары, кайрылууда Кыргыз Республикасынын Конгституциясына карама-каршы келгенин далилдеген тийиштүү укуктук негиздеме болгон жок. Мында, О. Ж. Мамыров өзүнүн өтүнүчүндө укук колдонуу тажрыйбасына тиешелүү гана жүйөөлөрдү келтирет, ал жерден аталган Келишимдин жарандык мыйзамдардын ченемдерине карама-каршы келген жоболорун гана баса белгилейт.

Өз учурунда, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 2-беренесине ылайык жарандык мыйзамдар өзү жөнгө салган мамилелерге катышкандардын теңдигин, эркиндигинин автономиялуулугун жана мүлктүк өз алдынчалыгын таанууга, менчиктин кол тийгистигине, келишимдин эркиндигине негизделет деп белгилейт. Мында, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 382-беренесинде жарандар жана юридикалык жактар келишим түзүүгө эрктүү деп каралган. Келишим шарттары ыктыярдуу кабыл алынган милдеттенмеде келишим түзүүгө милдеттүүлүк каралгандан башка учурларда мажбурлап келишим түзүүгө жол берилбейт. Тараптар мыйзамдарда каралган да, каралбаган да келишимди түзө алышат.

Ошентип, жогоруда аты аталган келишимди түзүүдө тараптар анын жоболору менен макул болушкан, себеби ал жоболор келишимдин предметин ишке ашырууга багытталган, кийиин жагында жалпы юрисдикциядагы соттордо кароо предметине айланган.

Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченемдердин укук колдонуу тажрыйбасы менен байланыштуу маселелерди кароо "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарына кирбейт.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палата жеке укук маселелерин белгилейт жана чечет деп судьялар коллегиясы да белгилеген.

Жогоруда баяндалганды, ошондой эле тапшырылган кайрылууда укуктук күмөндүүлүк болбогонун эске алып, ал "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык ишти кароого негиз болуп саналат да, ошонун негизинде судьялар коллегиясы бул кайрылууну карап чыгып өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алды.

О.Ж. Мамыров Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конгституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о аныктамасы менен макул болбой Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өз кайрылуусунда, судьялар коллегиясы укуктук күмөндүүлүктүн жоктугуна, ошондой эле укук колдонуу тажрыйбасына шилтеме жасап, өтүнүчтү кароого формалдуу мамиле жасашкан жана алар келтирген жүйөөлөр чабал деп белгилейт. Арыздануучунун пикири боюнча, өтүнүчтө кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн соотордун жалпы

юрисдикциясындагы туулган талаш-тартыштын хронологиясын кошкондо, укуктук негиздемелер жетиштүү келтирилгенин белгилейт.

Арызданууучу талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери менен тутумдаш байланышы жоктугу тууралуу судьялар коллегиясынын тыянактары менен макул болбой, арызданууучу судьялар коллегиясынын пикирин далилдеген тыянактары жетишсиз келтирилген деп эсептейт. Кайрылуу менчик укугунун корголушу жагындагы кепилдик маселелерин акы көрсөтүлүүчү институт аркылуу кыйыр мазмунда козгойт.

"Азат Нур-Пери" кыймылсыз мүлкүн сатпастан, башка катышуучулары үлүшүн чоңойтуу эсебинен аларга өткөрүп берген, башкача айтканда кыймылсыз мүлктүн ээлери эч кандай юридикалык бүтүмдөрдү жасабастан жөн гана ич ара алмашкан, ал эми буюртмачы жалпы юрисдикциядагы соттун чечимине ылайык акы көрсөтүлүүчү келишим боюнча жасалбаган аракет үчүн кыймылсыз мүлкүнүн жарымына чейин ажыраган. Бул жерде кызмат көрсөтүү үчүн төлөнүүчү нарк жөнүндө эмес, адегенде буюртмачы сатам деген кыймылсыз мүлк жөнүндө кеп болууда. Ошентип, арызданууучу "Азат Нур-Пери" ЖЧКсы өз мүлкүнө ээ болуу, пайдалануу жана тескөө конституциялык укуктарында тикелей кемсинтилген деп белгилейт (42-березенин 1-бөлүгү).

"Ацтек" ЖЧКсы түзүлгөн келишим боюнча анын шартын аткаруу боюнча эч кандай аракеттерди жасаган жок. Бирок, ага карабастан, акы төлөнүүчү келишимдин шарттары бузулган үчүн сумманы сурап алуу үчүн соттук органдарга кайрылган. Буюртмачынын конституциялык укуктарын бузган Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренесинин 1 жана 2-пункттарынын жоболорунун күчү буга жол берген. Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугу жөнүндө маселеде күмөндүүлүк турат.

Баяндалганга байланыштуу, арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын

2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о аныктамасын жокко чыгарууну жана ишти мазмуну боюнча кароо үчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөөлөрүн жана судьялар коллегиясынын өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыняктарга келишти.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренелеринин 1 жана 2-пункттарынын каралап жаткан ченемдери буюртмачы өзүнө көрсөтүлгөн кызматтарга акы төлөтүп кызмат көрсөтүү келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө жана тартипте акы төлөп берүү милдетине байланыштуу маселелерди жөнгө салууга багытталган. Эгерде мыйзамда же акы төлөтүп кызмат көрсөтүү келишиминде башкача каралбаса, буюртмачынын айынан аткаруу мүмкүн болбосо, көрсөтүлгөн кызмат толук көлөмдө төлөнөт.

Талашылып жаткан ченемдерде укуктук күмөндүүлүк жок деген судьялар коллегиясынын тыянактары негизделген. Арызданууучу өтүнүчүндө талашылып жаткан ченемдер жана кайрылууда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери менен тутумдаш байланышты далилдеген ынанымдуу жүйөөлөр келтирилген жок, бул жагдай "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 9-пунктуна ылайык милдеттүү талап болуп саналат.

Арызданууучу, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин "Акы төлөтүп кызмат көрсөтүү" деген 31-бапына кирген 697-беренесинин 1 жана 2-пункттарынын конституциялуулугун талашып, өзүнүн пикирин подряд келишимине шилтеме жасап негиздейт, бул жагдай талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурат деген жагдай катары баалынышы мүмкүн эмес. Арызданууучунун жарандык мыйзамдарда жөнгө салуу формасы катары башка ыгына караган ченемдер бар болгон

учурда талашылып жаткан ченемдердин кереги жок деп келтирген жүйөөлөрү да мыкты эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жеке укук маселелерин карайт. Укуктук күмөндүүлүк укуктук көз караштан талашылып жаткан ченемдерге карата тикелей укуктук категорияларды жана негиздемелерди келтирүү менен далилденилиши керек.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 697-беренесинин 1 жана 2-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө “Азат Нур-Пери” жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгын көздөгөн Омурзак Жакыпович Мамыровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 44-о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө «Азат Нур-Пери» жоопкерчилиги чектелген коомунун өкүлү Омурзак Жакыпович Мамыровдун даттануусу канагаттандырылуусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**